USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

# «Балага кам көрүү жана эрте куракта окутуп-үйрөтүү» окуу топтому

Катышуучулар үчүн таркатма материалдар

R

## USAIDдин “Мыкты азыктануу” долбоору жөнүндө

USAIDдин «Мыкты азыктануу» долбоору – «ДжейЭсАй Рисерч энд Трейнинг Институт, Инк.» (JSI Research & Training Institute, Inc. (JSI)) менен тажрыйбалуу өнөктөштөрдүн көп профилдүү тобу тарабынан жүзөгө ашырылып жаткан тамак-аш боюнча алдыңкы көп тармактуу долбоор болуп саналат. USAID уюмунун 2018-жылдын сентябрында ишке киргизилген Advancing Nutrition долбоору USAID жана анын өнөктөштөрү үчүн ар кыл тармактарда жана илимий чөйрөдө тамак-аш жаатындагы иш-чараларды өткөрөт. Долбоордун көп тармактуу ыкмалары жетишсиз тамактануунун түпкү себептерин чечтетүүгө багытталган программаларды иштеп чыгуу, ишке ашыруу жана баалоо максатында тамак-аш жаатындагы глобалдык тажрыйбаны пайдаланат. USAIDдин “Мыкты азыктануу” долбоору, тутумдук мамилеге таянуу менен, жергиликтүү деңгээлдеги дараметти арттыруу, жүрүм-турумду өзгөртүүнү колдоо жана өмүрлөрдү сактоо үчүн жагымдуу чөйрөнү чыңдоо, туруктуулукту арттыруу, экономикалык өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу жана өнүгүү жолу менен оң натыйжаларды колдоого алууга умтулат.

## Жоопкерчилик

Бул документ Америка элинин АКШ Эл аралык өнүгүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу берешен колдоосунун аркасында даярдалды. Документтин мазмуну үчүн «Джэйэсай Рисерч Энд Трейнинг Институт, Инк.» (JSI) жооптуу болуп саналат, бирок мазмуну  сөзсүз эле USAID уюмунун же АКШ Өкмөтүнүн көз карашын чагылдырбайт.

## Сунушталган шилтеме

USAID Advancing Nutrition. 2023. *Responsive Care and Early Learning Addendum: Participant Handouts.* Arlington, VA: USAID Advancing Nutrition.

I Иллюстрациянын автору: Виктор Ноласко JSI үчүн

## USAIDдин  “Мыкты азыктануу” долбоору

Дареги: JSI Research & Training Institute, Inc.
2733 Crystal Drive
4th Floor
Arlington, VA 22202
Тел.: 703–528–7474
Эл. дареги: info@advancingnutrition.org
Веб-сайты: advancingnutrition.org

# Мазмуну

4.1 таратма материалы: Жекече кеңеш берүүнүн артыкчылыктары боюнча окуу мисалдары 1

5.1 таратма материалы : «Кам көрүү темасы боюнча кеңеш берүү» ролдук оюну 3

6.1 таратма материалы: «Баарлашуу жана ойноо ишмердиги боюнча топ ичиндеги сессия» ролдук оюну 5

9.1 таратма материалы : Өнүгүү этаптарынын карталары 9

9.2 таратма материалы : «Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө мониторинг кылуу боюнча жекече кеңеш берүү» ролдук оюну 12

"Жекече кеңеш берүү жана топтук сессияларды өткөрүү көндүмдөрүн иш жүзүндө пайдаланып көрүү” 1-кошумча сессиясы үчүн таратма материал 21

2-кошумча сессия үчүн таратма материал: Колго жасалган оюнчуктардын мисалы 24

## 4.1 таратма материал: Жекече кеңеш берүүнүн артыкчылыктары боюнча окуу мисалдары

### Киришүү баяны

Адель - жакында эле ККжЭО Топтому боюнча окуудан өткөн жамаат деңгээлиндеги медицина кызматкери. Ал сессиялардын жүрүшүнө кунт коюп көңүл бургандыктан, балага кам көргөн адамга бир жолку жолугушууда эле өтө көп кеңеш берип кереги жок экендигин билет. Бүгүн ал баланын өсүп-өнүгүү маселесине арналган ай сайын өткөрүлүүчү мониторинг менен шыктандыруунун алкагында топ ичинде сессия өткөрдү, анда эки теманы талкуулоо пландалган: « Кам көрүү менен тамактандыруу» (Кеңеш берүү картасы 2) жана «Бала менен баарлашуу» (Кеңеш берүү картасы 3). Төмөндө берилген ар бир мисалда балага кам көргөн адамдар бүгүнкү өсүп-өнүгүүгө мониторинг кылуу темасына арналган сессияга катышкан. Ушул окуу мисалдарынын ар бирин талкуулагыла: (1) Балага кам көргөн адамга жекече, керектөөлөргө ылайыкталган кеңеш берүү, тактап айтканда, баланын жаш курагын жана өсүп-өнүгүү деңгээлин, ошондой эле бала менен үй-бүлөнүн керектөөлөрү менен кызыкчылыктарын эске алган кеңеш берүү кандай пайда алып келе алмак? (2) Эгер бул жекече кеңеш берүү сессиясы болсо, кеңеш берүүчү эмнелерди башкача жасай алмак?

### Окуу мисалы 1

Жаш эне бүгүн Адель балдарга кам көргөн адамдарга наристе төрөлгөндөн тартып эле уга жана көрө ала тургандыгын жана алар аны менен өтө кичине кезинен эле баарлашса боло тургандыгын айтып жаткандыгын укту. Ал эки жума мурда клиникада болгон учурда да Адель ушинтип айтып жаткандыгын уккан, ошондуктан бир айлык баласын эмизген учурда аны менен сүйлөшүп, ага ырдап берсемби деп ойлоно баштаган. Бирок башкалар , мисалы, күйөөсү менен кайненеси анын мындай кылганын укса эмне деп ойлоп калат деп да кыжаалат болду. Алар баланын тили чыга электе аны менен сүйлөшүү маанисиз деп айтышкан, ошондуктан ал убактылуу бул ойдон баш тартты.

### Окуу мисалы 2

Энеси менен атасы сегиз айлык баласын анын өсүп-өнүгүүсүн текшертүү үчүн алып келишти. Наристе атынан чакырганда жооп бербейт, башка добуштарга, катуу үндөргө да реакция кылбайт. Башка жагынан алганда баланын дени сак жана өсүүсү жакшы. Кошуналары, ал түгүл үй-бүлө мүчөлөрү да балага көз тийген деп айтып башташты. Бул балага кам көргөн адамдарды кыжаалат кылууда, анткени топ ичиндеги сессияда Адель бул курактагы балдар күнүмдүк сөздөрдү түшүнүп, өзүнүн ысымын билип калат деп айткан эле. Баланын энеси балама бирдеме болдубу же мен бир нерсени туура эмес жасап алдымбы деп тынчсыздана берип уйкусу да тынч болбой калган.

### Окуу мисалы 3

Энеси менен атасы 11 айлык кызын өсүп-өнүгүүөсүн көзөмөлдөө жана байкоо , түрткү берүү боюнча кеңеш алуу үчүн алып келишти. Маектешүү учурунда алар Аделден балага кам көргөн адамдар кызынын жетиштүү тамактанып жатканына

жана ашыкча тамак берип жатпаганына ынануу үчүн анын курсагы ток же ачка экендигин билдирген белгилерине көңүл бурушу керектигин угушкан. Адель ошондой эле эч убакта баланы мажбурлап тамактандырбоо керектигин айткан. Ата-эне муну укканда таң калышкан, анткени кызына кошумча тамак бере баштагандан  бери аны мажбурлап тамактандыруу керек болду, себеби ал ыйлап, тамак берейин десе эле так түйүлүп, башын чулгуп, тамак жегенден баш тартчу. Анын салмагы азайып кеткендиктен, ата-энеси ага мажбурлап тамак бериш керек окшойт деп чечишкен. Андан тышкары, акыркы бир нече ай ичинде ал бир нече жолу төмөнкү дем алуу жолдорунун инфекциясы дартына чалдыккан болчу.

## 5.1 таратма материал : «Кам көрүү темасы боюнча кеңеш берүү» ролдук оюну

### Кеңеш берүү картасы (1 жана 2) пайдаланылган ролдук оюн

### Эне жана атанын ролун ойногон 2 ыктыярчы үчүн маалымат

Кеңеш берүүчү сиздин үйүңүзгө келди. Сиздин 10 айлык балаңыз бар (куурчакты же башка реквизитти бала катары колдонгула).

- **Иненин ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат, ал бул маалыматты кеңеш берүүчү менен дагы ббөлүшүшү керек**
  - Кеңеш берүүчү сизге бала менен баарлашууңуз тууралуу суроолорду берет. Жооп берип жатканда төмөндө көрсөтүлгөн учурларды кошо айтып кеткенге аракет кылгыла. Сиз ошондой эле башка маалыматты да сунуштасаңыз болот:
    - Балаңыз чыргоолонсо же ыйласа сиз, биринчи кезекте, аны эмизүүгө аракет кыласыз, анткени жаңы эле эмизсеңиз да мындан ал тынчтанып калаарын билесиз.
    - Сиз балаңызды 6 айлык кезинен тартып чайнап жей турган тамак-ашка аралаштыргансыз.
  - Кеңеш берүү учурунда баланы эмизип жаткандай түр көрсөтүңүз, бирок анын көздөрүнө тике карабаңыз.

- **Атанын ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат, ал бул маалыматты кеңеш берүүчүгө да бериши керек**

  - Кеңеш берүүчү сизге бала менен баарлашууңуз тууралуу суроолорду берет. Жооп берип жатканда төмөндө көрсөтүлгөн учурларды кошо айтып кеткенге аракет кылгыла. Сиз ошондой эле башка маалыматты да сунуштасаңыз болот:
    - Наристе сиздин көңүлүңүздү бурдургусу келсе шымыңыздын багалегинен тартат, жылмаят жана ар кандай үн чыгарат. Кээде сиз аны колуңузга аласыз, бирок колуңуз бош эмес болсо же башка адам менен сүйлөшүп жатсаңыз, ал басып кеткенче же башка бир нерсеге алаксып калганча, ага көңүл деле бурбайсыз.
    - Тамактануу учурунда сиз баланын алдына тарелканы коюп, канча кааласа ошончо тамак жей берсин деп коесуз.
    - Ал пиаладан суюктук ичип көрө элек.

### Байкоочулардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат

Кеңеш берүүчү менен баланы багып жаткан адамдын ортосундагы талкууга көз салгыла. Жекече кеңеш берүү боюнча ролдук оюндун аягында сиздерге төмөнкү суроолор боюнча кайтарым байланыш берүү сунушталат:

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле кыла алды?

- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгээлде артыкчылыгына жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү кам көргөн адамды анын баласы үчүн жасаган нерселери үчүн мактадыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды (Кеңеш берүү картасы 5, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

## Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат

- Сиз – үйдө кеңеш берип аткан кеңеш берүүчүсүз.
- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Жеке адамдар жана үй-бүлөлөр үчүн кеңеш берүүнү өткөрүү боюнча кадамдар» картасын, ал эми балага кам көргөн адамга кеңеш берүү үчүн 1-чи жана 2-чи Кеңеш берүү карталарын колдонгула.
  - Жекече кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо – угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунушту аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, балага кам көргөн адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.
- Сиз балага кам көргөн адамдарга бала берген белгилерди кантип билип, аларга кантип жооп кылуу керектиги жөнүндө кеңеш бересиз. Баланын энеси жана атасы менен баарлашуусуна байкоо жүргүзгүлө. «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» картасынан балага кам көргөн адамдарга берүү үчүн ушул тема боюнча суроолорду тандап алгыла. Суроолор төмөнкүчө болушу мүмкүн:

  - Сиз кадимки эле күнү балаңыз менен кандайча баарлашасыз? Сиз ишиңиз/үй жумуштары менен баланын керектөөлөрүн кандайча айкалыштырасыз?

  - Ымыркай бир нерсеге муктаж экендигин билдиргиси келип жатканын кантип түшүнөсүз?

  - Бала ачка же ток экендигин кантип билесиз?

- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңуз жөнүндө топ ичинде айтып бериңиз. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо

адатта ички диалог катары болуп, үн чыгарып айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.

- «Угуу жана билүү” жана «Ишенимди арттыруу жана колдоо көрсөтүү” ыкмаларын кеңеш берүүнүн бардык учурунда пайдалангыла.
- Силерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде 1-чи жана 2-чи Кеңеш берүү карталары, «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» керек болот.

**6.1 таратма материал : «Баарлашуу жана ойноо ишмердиги боюнча топ ичиндеги сессия» ролдук оюну**

## 3-чү Кеңеш берүү картасын  пайдаланылган ролдук оюн

### Байкоочунун ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Кеңеш берүү картасы 3)

Топ ичиндеги сессияга байкоо жүргүзгүлө. Ролдук оюндун аягында сиздерге төмөнкү суроолор боюнча кайтарым байланыш кылуу сунушталат:

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле кыла алды?
- 
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгээәлде артыкчылыгына жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарды алардын  балдары үчүн жасаган нерселери үчүн мактадыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды (5-чи Кеңеш берүү картасы, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

### Балага кам көргөн адамдардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Кеңеш берүү картасы 3)

- Сиздер баарыңыздар – балдарга кам көргөн жана балдарды тарбиялоо боюнча ай сайын өтүүчү программага катышкан адамдарсыздар.
- Көпчүлүгүңөр бул сессияга ай сайын келип турасыздар, бирок айрымдарыңар программага алгачкы жолу катышып жатасыздар. Ким жаңы катышуучу, ким буга чейин келип жүргөн катышуучу болоорун чечишип алгыла.
- Өткөн айда кеңеш берүүчү  кам көрүү жана  тамактандыруу темасын талкуулаган.
- Мүмкүн болсо, атанын ролун ойной турган үч катышуучуну жана чоң эненин ролун аткара турган бир катышуучуну дайындагыла. Калгандарынын баары эненин ролун аткара турган болот. Ролуңар көрсөтүлүп коюлган бейджлерди жасап алгыла.

- Сиздер бүгүнкү сессияга алып келген балдар 2-3 айдан тартып 2 жашка чейинки куракта болушат. Балаңыздын жаш курагын бейджге жазып коюңуз.
- Кеңеш берүүчү дуушар болуп жана чече турган кыйынчылыктарды пайда кылган эки катышуучуну тандап алгыла.
  – Катышуучулардын бири кеңеш берүүчүгө бүгүнкү сессиянын темаларына тиешеси жок суроону бериши керек. Мисалы, бүгүнкү тема баарлашууга арналган дейли. Анда эмизүүгө байланышкан суроону берсе болот.
  – Катышуучулардын бири туура эмес маалымат бериши керек. Мисалы, кеңеш берүүчү добушту, сөздөрдү жана жаңсоолорду колдонуу аркылуу наристенин тили чыга электе эле аны менен сүйлөшсө болот деп айтса болот. Сиз болсо сүйлөй элек бала менен сүйлөшүү келесоолук деп эсептейсиз. Сиз: «Бул мүмкүн эмес!» же «Бала менен сүйлөшүү үчүн анын тили чыкканча күтө туруу керек» деп айтсаңыз болот.

## Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Кеңеш берүү картасы 3)

- Сиз тарбиялоо боюнча ай сайын өткөрүлүүчү программанын алкагында топ ичиндеги сессияны өткөрүп жатасыз.
  – Балага кам көргөн адамдардын көпчүлүгү бул сессияга ай сайын келип турушат, өткөн айда сиз кам көрүү жана тамактандыруу жөнүндө айтып бергенсиз.
  – Дээрлик бардык кам көрүүчү адамдар – балдардын энелери, бирок дагы үч ата жана бир чоң эне да бар.
  – Балага кам көргөн адамдар менен кошо келген балдардын жаш курагы 2-3 айдан тартып 2 жашка чейинкилерди түзөт.
- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Топ ичиндеги сессияны өткөрүү боюнча кадамдар» картасын жана бүгүнкү теманы талкуулоо үчүн 3-чү Кеңеш берүү картасын пайдалангыла.
  – Топ ичиндеги кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо – көрүү, угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунуштаманы аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, сессияны өткөрүү, балага кам көргөн адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.
- Балага кам көргөн адамдарды бири-бири жана балдары менен баарлашууга шыктандыруу менен топ ичинде көнүгүү аткаргыла. Мында 3-чү Кеңеш берүү картасындагы «Практикалык кеңештерди» колдонгула. «Топ ичиндеги сессияларды өткөрүү боюнча колдонмо» картасында да тандап алуу үчүн бир нече мисал берилген.
- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңузду топ ичинде айтып бериңиз. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп

жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо адатта ички диалог катары болуп, үн чыгарып айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.

- Сиздерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде Кеңеш берүү картасы 3, «Топ ичиндеги сессияларды өткөрүү боюнча кадамдар» жана «Топ ичиндеги сессияларды өткөрүү боюнча колдонмо» керек болот.

## 4-чү Кеңеш берүү картасы пайдаланылган ролдук оюн

### Байкоочунун ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Кеңеш берүү картасы 4)

Топ ичиндеги сессияга байкоо жүргүзгүлө. Ролдук оюндун аягында сизге төмөнкү маселелер боюнча кайтарым байланыш кылуу сунушталат:

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле кыла алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгэээлде артыкчылыгына жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарды алардын балдары үчүн жасаган нерселери үчүн мактадыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды (Кеңеш берүү картасы 5, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

### Балага кам көргөн адамдардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Кеңеш берүү картасы 4)

- Сиздер баарыңыздар – балдарга кам көргөн жана балдарды тарбиялоо боюнча ай сайын өтүүчү программага катышкан адамдарсыздар.
- Көпчүлүгүңөр бул сессияга ай сайын келип турасыздар, бирок айрымдарыңар программага алгачкы жолу катышып жатасыздар. Ким жаңы катышуучу, ким буга чейин келип жүргөн катышуучу болоорун чечишип алгыла.
- Өткөн айда кеңеш берүүчү кам көрүү жана тамактандыруу темасын талкуулаган.
- Мүмкүн болсо, атанын ролун ойной турган үч катышуучуну жана чоң эненин ролун аткара турган бир катышуучуну дайындагыла. Калгандарынын баары

эненин ролун аткара турган болот. Ролуңар көрсөтүлүп коюлган бейджderди жасап алгыла.

- Сиздер бүгүнкү сессияга алып келген балдар 2-3 айдан тартып 2 жашка чейинки куракта болушат. Балаңыздын жаш курагын бейджге жазып коюңуз.
- Кеңеш берүүчү дуушар болуп жана чече  турган кыйынчылыктарды пайда кылган  эки катышуучуну тандап алгыла.

– Катышуучулардын бири кеңеш берүүчүгө бүгүнкү сессиясынын темаларына тиешеси жок суроону бериши керек. Мисалы, бүгүнкү тема бала менен ойноого арналган дейли. Анда гигиенага байланышкан суроону берсе болот.
– Катышуучулардын бири туура эмес маалымат бериши керек. Мисалы, кеңешчи бала оюн аркылуу  үйрөнсө боло тургандыгын айтат. Сиз болсо балага үйдүн баарын чачып ойногонго уруксат берүү  келесоолук жана алар мектепке барганда эле керектүү нерселерди үйрөнүп алат деп эсептейсиз. Сиз: «Бала оюн аркылуу эч нерсени үйрөнө албайт!» же «Балдар ойногонду билбейт, болгону үйдүн барын чачып салышат, анан мен кайра жыйнашым керек » деп айтсаңыз болот.

## Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Кеңеш берүү картасы 4)

- Сиз тарбиялоо боюнча ай сайын өткөрүлүүчү программанын алкагында топ ичиндеги сессияны өткөрүп жатасыз.
  – Балага кам көргөн адамдардын көпчүлүгү бул сессияга ар бир айда келип турушат, өткөн айда сиз  кам көрүү жана  тамактандыруу жөнүндө айтып бергенсиз.
  – Дээрлик бардык кам көрүүчү адамдар – балдардын энелери, бирок дагы үч ата жана бир чоң эне да бар.
  – Балага кам көргөн адамдар менен кошо келген балдардын жаш курагы 2-3 айдан тартып 2 жашка чейинкилерди түзөт.

- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Топ ичиндеги сессияны өткөрүү боюнча кадамдар» картасын жана бүгүнкү теманы талкуулоо үчүн 4-чү Кеңеш берүү картасын  пайдалангыла.
  – Жекече кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо –көрүү, угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунуштаманы аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, сессияны өткөрүү, баккан адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.

- Балага кам көргөн адамдарды бири-бири менен баарлашууга шыктандыруу менен топ ичинде көнүгүү аткаргыла. Мында 4-чү Кеңеш берүү картасындагы «Практикалык кеңештерди» колдонгула. «Топ ичиндеги сессияларды өткөрүү боюнча колдонмо» картасында да тандап алуу үчүн бир нече мисал берилген.
- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңуз жөнүндө топ ичинде айтып бериңиз. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо адатта ички диалог катары болуп, айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.
- Сиздерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде 4-чү Кеңеш берүү картасы , «Топ ичиндеги сессияларды өткөрүү боюнча кадамдар» жана «Топ ичиндеги сессияларды өткөрүү боюнча колдонмо» керек болот.

## Таратма материал 9.1: Өнүгүү этаптарынын карталары

| **Жаш курагы** | **Дене бойдун өсүп өнүгүшү** Баланын денеси кантип өсөт жана кыймылдайт, анын ичинде ири (ири моторика) жана майда (майда моторика) кыймылдары кантип калыптанат | **Сүйлөө жөндөмү** Балдар кантип баарлашат: наристе эмнени түшүнөт жана эмнени айта/билдире алат | **Когнитивдик** Балдар кантип ойлонот, айлана чөйрөсүн кандайча түшүнөт жана аңдап кабылдайт | **Социалдык/эмоционалдык** Балдар башка адамдар менен кантип баарлашат, эмоцияларды кантип билдиришет жана түшүнүшөт |
|---|---|---|---|---|
| 6 айлык | • Башын 90 градуска чейин көтөрө алат (жаткан абалда)<br>• Жөлөнүп отура алат<br>• Баланы тик тургузганда буттарын бүкпөстөн, түздөп, таканчыктайт<br>• Оюнчуктарды же буюмдарды колуна кармап, айланта алат<br>• Буюмдарга, нерселерге колун созот | • Каткырып күлөт<br>• «а-а», «у-у» сыяктуу созулма үндүүлөрдү айта алат<br>• Кам көрүп жаткан адам сүйлөгөндө үн чыгарып жооп берет | • Бетме-бет отуруп ойногон учурда үн чыгарат<br>• Оюнчуктарды /нерселерди оозуна салат | • Көпкө чейинки жана аң-сезимдүү көз караш менен тиктей алат<br>• Колун созуп, талпынып, жылмайып, багып жаткан адамдардын жүзүн изилдеген көз караш менен карап, жактырганын, тааныганын жана ойногусу келгендигин билдире алат. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12 ай лы к[а] | ● Жөлөнбөй эле отура алат<br>● Бир нерселерге таянып, турганга аракет кылат<br>● Кыска мөөнөтке өз алдынча тик тура алат (каз-каз тура алат)<br>● Ар нерселерди кармап баса алат<br>● Майда нерселерди «пинцет » кармагандай ала алат (баш бармагы жана сөөмөйү менен гана) | ● Былдырап, муундап сүйлөгөнгө аракет кылат<br>● Мааниси бар бир сөздү колдоно алат<br>● Адамдарды же нерселерди көрсөтүш үчүн колун жаңсай билет<br>● Тааныш адамдардын ысымдарын (ата, апа) түшүнөт<br>● Этиштерди/иш-аракет сөздөрүн («бас», «ал») түшүнөт<br>● Нерселердин аталышын түшүнөт (топ, оюнчук) | ● «Күк-күк» оюнун ойноп баштайт<br>● Оюнчуктарды/ нерселерди кызыгуу менен карап чыгат<br>● Оюн учурунда жаңсоолорду кайталайт (кол чабат, мурдун чүйрүп, оозу-башын кыйшаңдатат)<br>● Курсагын тойгузуу үчүн манжаларын пайдаланат (тамак экенин билип, жей баштайт) | ● Күтүүсүздөн эле башкалар менен кошо ырахат алууга, кызыгууга умтулат (багып жаткан адамды кучактайт, өпкүлөйт, аны менен бирге оюнчукту кармалап, изилдеп көрөт)<br>● Бейтааныш адамдарды байкайт (тескери бурулат, кунт коюп карайт) |

| **Жаш курагы** | **Дене бойдун өсүп өнүгүшү**<br>Баланын денеси кантип өсөт жана кыймылдайт, анын ичинде ири (ири моторика) жана майда (майда моторика) кыймылдары кантип калыптанат | **Сүйлөө жөндөмү**<br>Балдар кантип баарлашат: наристе эмнени түшүнөт жана эмнени айта/билдире алат | **Когнитивдик**<br>Балдар кантип ойлонот, айлана чөйрөсүн кандайча түшүнөт жана аңдап кабылдайт | **Социалдык/эмоционалдык**<br>Балдар башка адамдар менен кантип баарлашат, эмоцияларды кантип билдиришет жана түшүнүшөт |
|---|---|---|---|---|
| 18 айлык[a] | • Өз алдынча басат<br>• Топту же башка нерселерди тебет<br>• Калемсапты же таякчаны кармай алат (каалагандай ыкма менен) жана кагазга же жерге/полго бир нерселерди жазат | • Мааниси бар экиден кем эмес сөз колдоно алат<br>• Бир нерсени көрсөтүү үчүн сөөмөйүн пайдаланат<br>• Балага кам көргөн адамдар баланын баарлашуу ыкмаларынын айрымдарын түшүнүшөт<br>• «Жакшы кал» деп колун булгалайт же берилген буйрукка жооп кылып башка адаттагыдай жаңсоону колдонот<br>• Бир жөнөкөй буйрукту түшүнөт (мисалы, «бут кийимиңди алып кел» дегенди) | • Оюнчуктар/нерселер кандайча жасалгандыгы низилдейт (куурчак кантип кыймылдайт, коңгуроолор кантип шыңгырайт)<br>• Элестетүүгө негизделген жөнөкөй оюндарды ойнойт, мисалы, куурчакка тамак берет, машине айдайт<br>• Тамактанууга пайдаланылчу бир аспапты колдоно алат<br>• Пиаладан суюктук иче алат | • Адамдар менен конкреттүү иш-аракеттерге демилгечи боло алат<br>• Башка адамдардын жүрүм-турумун туурайт (жооп кылып кол булгалайт, бирдемелерди чиймелейт, колдорун жууйт, кийимдерин таптайт) |

| Жаш куракы | **Дене бойдун өсүп өнүгүшү** Баланын денеси кантип өсөт жана кыймылдайт, анын ичинде ири (ири моторика) жана майда (майда моторика) кыймылдары кантип калыптанат | **Сүйлөө жөндөмү** Балдар кантип баарлашат: наристе эмнени түшүнөт жана эмнени айта/билдире алат | **Когнитивдик** Балдар кантип ойлонот, айлана чөйрөсүн кандайча түшүнөт жана андап кабылдайт | **Социалдык/эмоционалдык** Балдар башка адамдар менен кантип баарлашат, эмоцияларды кантип билдиришет жана түшүнүшөт |
|---|---|---|---|---|
| 24 айлык[b] | • Чуркай алат<br>• Топту башынан алыс ыргыта алат<br>• Башкалардын жардамысыз эле эмерекке чыгып жана түшө алат.<br>• Түз сызыктарды жана тегеректерди сыза алат же көчүрүп чие алат | • Эки-үч сөздөн турган сүйлөмдөр менен сүйлөйт<br>• Нерселердин аталышын айтканда аларды көрсөтө алат<br>• Денесинин бөлүктөрүн билет<br>• Билген адамдарын тааный алат<br>• Уккан сөздөрүн кайталайт жана жөнөкөй нускамаларды аткарат | • Формалар менен түстөрдү айырмалап, бөлүштүрө алат<br>• Бир нече катмар алдына катылып коюлган буюмдарды таба алат<br>• Тааныш китептерден алынган сүйлөмдөрдүн аягын улантып айта алат<br>• Жөнөкөй оюндарды ойной алат<br>• Төрт же андан көп блоктордон мунара кура алат<br>• Эки кадамдан турган нускамаларды аткара алат<br>• Көбүрөөк колдонгон колун өнүктүрө башташы мүмкүн. | • Улуу адамдарды жана башка балдарды туурагынды жактырат<br>• Башка балдар менен болгондо кубанат<br>• Көбүрөөк өз алдынча болууга умтулат, ал тургай айтканынан кайтпаган өжөр болушу мүмкүн |

| **Жаш курагы** | **Дене бойдун өсүп өнүгүшү** Баланын денеси кантип өсөт жана кыймылдайт, анын ичинде ири (ири моторика) жана майда (майда моторика) кыймылдары кантип калыптанат | **Сүйлөө жөндөмү** Балдар кантип баарлашат: наристе эмнени түшүнөт жана эмнени айта/билдире алат | **Когнитивдик** Балдар кантип ойлонот, айлана чөйрөсүн кандайча түшүнөт жана аңдап кабылдайт | **Социалдык/эмоционалдык** Балдар башка адамдар менен кантип баарлашат, эмоцияларды кантип билдиришет жана түшүнүшөт |
|---|---|---|---|---|
| Булак: a. ДССУ (Дүйнөлүк салматтык сактоо уюму). 2020. *Monitoring Children's Development in Primary Care Services: Moving From a Focus on Child Deficits to Family-Centred Participatory Support. Report of a Virtual Technical Meeting, 9-10 June 2020.* cc. 16–17. Женева: ДССУ. https://www.who.int/publications/i/item/9789240012479; b. ЮНИСЕФ (Детский Фонд ООН). N.d. "Your Baby's Developmental Milestones." *ЮНИСЕФ*. Акыркы кайрылуунун датасы: 2021-жылдын 2-марты. https://www.unicef.org/parenting/child-development/your-babys-developmental-milestones | | | | |

## Таратма материал 9.2: «Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө мониторинг кылуу боюнча жекече кеңеш берүү» ролдук оюну

### «Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө мониторинг кылуу» боюнча 1-чи сценарий

### Балага кам көргөн адамдын ролун аткарган ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 1)

- Сиз – 32 жаштагы энесиз, турмушка чыккансыз, 7 жаштагы, 3 жаштагы жана 9 айлык үч балаңыз бар.
- Бүгүн Сиз райондук поликлиникага бардыңыз, анткени 9 айлык кызыңыздын өсүп-өнүгүшүн текшертип, кызамыкка каршы эмдетишиңиз керек болчу.
- 7 жашар балаңыз мектепте окуйт, бүгүн 3 жаштагы балаңыз да, 9 айлык кызыңыз да Сиз менен чогуу поликлиникага келишти.
- Кеңеш берүүчү Сизден наристеңиздин өсүп-өнүгүшү жөнүндө сурап, Сизди тынчсыздандырган маселелер барбы дегенде Сиз «ооба» деп жооп бересиз, анткени 9 айлык кезинде башка балдарыңыз жөрмөлөп, өз алдынча отуруп калышчу, бирок кызыңыз негедир али отура элек. Кайненеңиз Сиздин жаныңызды койбой, наристенин «өсүп-өнүгүшү жай болуп жатат» деп буга Сизди күнөөлөйт.
- Кеңеш берүүчү Сизден баланын тамактанышы жөнүндө сураганда, Сиз аны дагы деле эмизе турганыңызды жана ал ар кандай кошумча тамакты да жактырып даамдап жаткандыгын айтасыз.

### Байкоочулардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Сценарий 1)

Кеңеш берүүчү менен балага кам көргөн адамдын ортосундагы талкууга көз салгыла. Жекече кеңеш берүү боюнча ролдук оюндун аягында сиздерге төмөнкү суроолор боюнча кайтарым байланыш  кылуу сунушталат:

Байкоочулардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Сценарий 2)

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле кыла алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгээлде артыкчылыгына жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү аялды анын баласы үчүн жасаган нерселери үчүн мактадыбы?

- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды (Кеңеш берүү картасы 5, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

## Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 1)

- Сиз райондук поликлиникада жекече кеңеш берүү сессиясын өткөрүп жатасыз.
- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Жекече кеңеш берүүнү өткөрүү боюнча кадамдар» картасын, ал эми балага кам көргөн адамга кеңеш берүү үчүн 5-чи Кеңеш берүү картасын колдонгула.
  - Жекече кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо – угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунуштаманы аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, сессияны өткөрүү, кам көргөн адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.
- Сиз балага кам көргөн адамга наристенин өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу маселелери боюнча кеңеш бересиз. «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» картасынан ушул тема боюнча суроолорду тандап алып, бала баккан адамга бересиз. Суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
  - Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу кошумча колдоого муктаж болгон чөйрөлөр бар-жок экендигин аныктоого жардам берет. Өсүп-өнүгүү дегенде бала кандай баарлашат, кандай түшүнөт, кантип үйрөнөт, кандайча кыймылдайт, колдору менен манжаларын, ошондой эле угуу жана көрүү жөндөмүн кантип пайдаланат деген суроолорго жоопторду айтып жатам. Ушул жагынан алганда Сиздин балаңыз кандайча өсүп-өнүгүп жатат?
  - Баланын өсүп-өнүгүүсүндө Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?
  - Баланы тамактандырууда Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?
- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңуз менен топ ичинде бөлүшкүлө. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо адатта ички диалог катары болуп, айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.
- 4-чү кадамда (иш-аракет) башка кеңеш берүү картасын пайдалануу менен экинчи теманы тааныштырса болот. Же болбосо, эгер бул балага кам көргөн адамдын жана баланын муктаждыктары менен кызыкчылыктарына төп

келсе, 3-кадамда (талдоо) алынган маалыматты пайдалануу менен эрте курактагы балдарды тамактандыруу (ЭКБТ) темасын сунуштасаңар болот. Эгерде экинчи тема үчүн убактыңар жетишсиз болсо, ушул ролдук оюндун алкагында 5-чи Кеңеш берүү картасына басым жасагыла.

- «Угуу жана үйрөнүүыкмаларын» жана «Ишенимди арттыруу жана колдоо көрсөтүү ыкмаларын» кеңеш берүүнүн бардык учурунда пайдалангыла.
- Силерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде 5-чи Кеңеш берүү картасы, «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» керек болот.

«Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө мониторинг кылуу», 2-чи сценарий

### Балага кам көргөн адамдын ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 2)

- Жамаат деңгээлиндеги медицина кызматкери сиз жана 3 айлык наристеңиз кандай жашап жаткандыгын билүү үчүн сиздин үйүңүзгө келди.
- Сиз – өспүрүм энесиз, 17 жаштасыз, бул сиздин биринчи балаңыз. Сиз энеңиз менен жашайсыз.
- Баланын 17 жаштагы атасы күнүгө мектептен кийин конокко келип турат.
- Сиз бала менен көп ойноп же сүйлөшүүгө аракет деле кылбайсыз, анткени ал дайыма уктоо же тамактануу менен гана алек, сиз ал чоңоюп, өз алдынча басып жана сүйлөп калганда ойнотом деп ойлойсуз.
- Кеңеш берүүчү сизден бала кандай өсүп-өнүгүп жатат, анын өсүп-өнүгүүсүндө сизди тынчсыздандырган жагдайлар барбы деп сураганда сиз кеңеш берүүчүгө баары жайында деп жооп бересиз. Сиз бала башын түз кармай алат жана жылмайганды жакшы көрөт деп түшүндүрөсүз.
- Кеңеш берүүчү баланын тамактанышы жөнүндө сураганда сиз баары жакшы экендигин айтасыз. Баланын эмгени жакшы, күндүз да, түнкүсүн да жакшы эмет, өсүшү жакшы дейсиз. Анын рационунда башка азык-түлүк менен суюктуктар жок.

### Байкоочулардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Сценарий 2)

Кеңеш берүүчү менен балага кам көргөн адамдын ортосундагы талкууга көз салгыла. Жекече кеңеш берүү боюнча ролдук оюндун аягында сиздерге төмөнкү суроолор боюнча кайтарым байланышка чыгуу сунушталат:

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде балага  мээримдүү мамиле кыла алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлары тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгээлде маанилүүгүнө  жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам  анын баласы үчүн жасаган мамилеси  үчүн мактадыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн балага кам көрүү менен эрте өнүктүрүү үчүн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү  консултативдик карталарында* камтылган маалыматтарды  (Кеңеш берүү картасы 5, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

### Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 2)

- Сиз жекече кеңеш берүү сессиясын балага кам көргөн адамдын үйүнө барган учурда өткөрөсүз.
- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Жекече кеңеш берүүнү өткөрүү боюнча кадамдар» картасын, ал эми балага кам көргөн адамга кеңеш берүү үчүн 5-чи Кеңеш берүү картасын колдонгула.
  - Жекече кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо – угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунушту аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, сессияны өткөрүү, баккан адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.
- Сиз энеге баласынын өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу маселелери боюнча кеңеш бересиз. «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» картасынан ушул тема боюнча суроолорду тандап алып, энесине бересиз. Суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
    - Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу кошумча колдоого муктаж болгон чөйрөлөр бар-жок экендигин аныктоого жардам берет. Өсүп-өнүгүү дегенде бала кандай баарлашат, кандай түшүнөт, кантип үйрөнөт, кандайча кыймылдайт, колдору менен манжаларын, ошондой эле угуу жана көрүү жөндөмүн кантип пайдаланат деген суроолорго жоопторду айтып жатам. Ушул жагынан алганда Сиздин балаңыз кандайча өсүп-өнүгүп жатат?
  - Баланын өсүп-өнүгүүсүндө Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?
  - Баланы тамактандырууда Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?
- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңуз менен топ ичинде бөлүшкүлө. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо адатта ички диалог катары болуп, айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.
- 4-кадамда (иш-аракет) башка кеңеш берүү картасын пайдалануу менен экинчи теманы тааныштырса болот. Же болбосо, эгер бул балага кам көргөн адамдын жана баланын муктаждыктары менен кызыкчылыктарына төп келсе, 3-кадамда (талдоо) алынган маалыматты пайдалануу менен эрте курактагы балдарды тамактандыруу (ЭКБТ) темасын сунуштасаңар болот. Эгерде экинчи тема үчүн убактыңар жетишсиз болсо, ушул ролдук оюндун алкагында Кеңеш берүү картасы 5ке басым жасагыла.
- «Угуу жана үйрөнүү ыкмаларын» жана «Ишенимди арттыруу жана колдоо көрсөтүү ыкмаларын» кеңеш берүүнүн бардык учурунда пайдалангыла.
- Силерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде 5-чи Кеңеш берүү картасы , «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар»

жана «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» керек болот.

«Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө мониторинг кылуу» 3-чү сценарий

### Балага кам көргөн адамдын ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 3)

- Сиз 58 жаштасыз жана 20 айлык небереңизди багып жатасыз.
- Сиз жаңы эле топтук сессияга катышып, ал аяктагандан кийин фасилитатор менен көзмө-көз сүйлөшүү үчүн келдиңиз.
- Баланын ата-энеси шаарга иштөө үчүн кетишкен, кээде гана келип турушат, бирок баласын багууга жардам катары акча жөнөтүп турушат.
- Сиз небереңиз менен өтө сыймыктанасыз!
- Кеңешчи сизден бала кандай өнүгүп-өсүп жатат, анын өсүшүндө сизди тынчсыздандырган жагдайлар барбы деп сураганда сиз кыз китептерди карап, барактап, алардан көргөн нерселерин сүрөттөп бергенди жакшы көрөт деп жооп бересиз. Ал бардык нерсени сиз менен кошо жасагысы келээрин, анын ичинде кир жууганга жана тамак жасаганга жардам берип жаткандай түр көрсөтөөрүн айтасыз. Угуусу жакшы, көп сүйлөйт. Сиз анын акылдуу кыз болуп өсүшү үчүн бардык нерсени жасагыңыз келет! Сиз анын сол көзү кээде чалыр болуп көрүнгөнү үчүн кыжаалат болосуз.
- Кеңешчи баланын тамактануусу жөнүндө сураганда сиз баары жайында экендигин айтасыз. Кыз ар түрдүү тамакты көңүлдөнүп жейт, сиз анын өсүшү үчүн түрлүү азыктарды берүүгө аракет кыласыз. Болгону бардык каалаган тамагын сатып алыш үчүн кээде акча жетишпей калып жаткан көйгөй бар экендигин айтасыз.

### Байкоочулардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Сценарий 3)

Кеңеш берүүчү менен балага кам көргөн адамдын ортосундагы талкууга көз салгыла. Жекече кеңеш берүү боюнча ролдук оюндун аягында сиздерге төмөнкү суроолор боюнча кайтарым байланыш кылуу сунушталат:

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле кыла алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгээлде артыкчылыгына жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү аялды анын баласы үчүн жасаган аракети үчүн мактадыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?

- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды (Кеңеш берүү картасы 5, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

## Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 3)

- Топ ичиндеги сессиядан кийин чоң эне сиз менен көзмө-көз сүйлөшүү үчүн келет жана сиз бул мүмкүнчүлүктү жекече кеңеш берүү үчүн колдонуңуз.
- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Жекече кеңеш берүүнү өткөрүү боюнча кадамдар» картасын, ал эми балага кам көргөн адамга кеңеш берүү үчүн Кеңеш берүү картасы 5ти колдонгула.

  – Жекече кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо – угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунуштаманы аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, сессияны өткөрүү, баккан адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.
- Сиз энеге баласынын өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу маселелери боюнча кеңеш бересиз. «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» картасынан ушул тема боюнча суроолорду тандап алып, энесине бересиз. Суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
    - Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу кошумча колдоого муктаж болгон себептер бар-жок экендигин аныктоого жардам берет. Өсүп-өнүгүү дегенде мен бала кандай баарлашат, кандай түшүнөт, кантип үйрөнөт,, колдору менен манжалары менен кандай кыймылдайт,, ошондой эле угуу жана көрүү жөндөмүн кантип пайдаланат деген суроолорго жоопторду айтып жатам. Ушул жагынан алганда Сиздин балаңыз кандай өсүп-өнүгүп жатат?

  – Баланын өсүп-өнүгүүсүндө Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?

  – Баланы тамактандырууда Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?
- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңуз менен топ ичинде бөлүшкүлө. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо адатта ички диалог катары болуп, айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.
- 4-кадамда (иш-аракет) башка кеңеш берүү картасын пайдалануу менен экинчи теманы тааныштырса болот. Же болбосо, эгер бул балага кам көргөн адамдын жана баланын муктаждыктары менен кызыкчылыктарына төп келсе, 3-кадамда (талдоо) алынган маалыматты пайдалануу менен эрте

курактагы балдарды тамактандыруу (ЭКБТ) темасын сунуштасаңар болот. Эгерде экинчи тема үчүн убактыңар жетишсиз болсо, ушул ролдук оюндун алкагында 5-чи Кеңеш берүү картасына басым жасагыла.
- «Угуу жана үйрөнүү ыкмаларын» жана «Ишенимди арттыруу жана колдоо көрсөтүү ыкмаларын» кеңеш берүүнүн бардык учурунда пайдалангыла.
- Силерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде 5-чи Кеңеш берүү картасы, «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» керек болот.

## «Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу», 4-чү сценарий

### Балага кам көргөн адамдын ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 4)

- Сиз (атасы) жана жубайыңыз, экөөңөр тең 26 жаштасыңар, жаш ата-энелер үчүн жамааттык деңгээлдеги коомдук топто барсыңар. Бүгүн коомдук топтун жетекчиси сиздин жана 6 айлык балаңыздын абалы кандай экенин билейин деп силердин үйүңөргө келди.
- Сиз ыктыярчыга топ ичинде балага кантип кам көрүү жана аны менен кантип ойноо керектиги жөнүндө көп жаңы маалымат алганыңарды айтып бердиңиз.
- Эми сиз күнүгө бала менен ойноо, топ ичинде үйрөнгөнүңөрдү иш жүзүндө пайдалануу үчүн убакыт бөлүп турасыңар. Буга чейин силер балага энеси гана кам көрүшү керек деп ойлочусуңар, анткени ал дайыма баланы эмизчү .
- Кеңеш берүүчү сизден балаңыз кандай өсүп-өнүгүп жатат, анын өсүшүндө сизди тынчсыздандырган жагдайлар жокпу деп сураганда сиз балаңыз оодарыла ала тургандыгын жана жөлөнүп отура ала тургандыгын айтасыз. Ал атасы менен ойногонду аябай жакшы көрөт. Сиз балаңыз менен ойногондо анын добуштарга көп көңүл бурбай тургандыгын, кээде катуу дабыштан да коркпой тургандыгын байкагансыз.
- Кеңеш берүүчү сизден баланын тамактануусу жөнүндө сураганда ал жаңыдан гана кошумча тамакка аралашкандыгын айтасыз. Сиз ага бир аз ботко бердиңиз.

### Байкоочулардын ролун ойногон ыктыярчылар үчүн маалымат (Сценарий 4)

Кеңеш берүүчү менен балага кам көргөн адамдын ортосундагы талкууга көз салгыла. Жекече кеңеш берүү боюнча ролдук оюндун аягында сиздерге төмөнкү суроолор боюнча кайтарым байланыш кылуу сунушталат:

- Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
- Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле кыла алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга берилген кеп-кеңештерди канчалык деңгээлде артыкчылыгына жараша бөлүп карай алды?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды баласы үчүн жасаган нерселери үчүн мактадыбы?
- Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамга үйдөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
- Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды (5-чи Кеңеш берүү картасы, «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдар менен үй-бүлөлөр үчүн темаларды аныктоо») канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

### Кеңеш берүүчүнүн ролун ойногон ыктыярчы үчүн маалымат (Сценарий 4)

- Сиз жекече кеңеш берүүнү үйгө баруу убагында өткөрөп жатасыз.
- Сессияны түзүмдөштүрүү үчүн «Жекече кеңеш берүүнү өткөрүү боюнча кадамдар» картасын, ал эми балага кам көргөн адамга кеңеш берүү үчүн 5-чи Кеңеш берүү картасын колдонгула.

  – Жекече кеңеш берүүнүн 5 кадамын сөзсүз аткаргыла: (1) Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу; (2) Жагдайды баалоо – угуу жана байкоо жүргүзүү; (3) Талдоо жүргүзүп, 1-2 сунушту аныктоо; (4) Иш-аракет – бүгүнкү тема менен тааныштыруу, сессияны өткөрүү, балага кам көргөн адамды мактоо жана көнүгүүнү талкуулоо; (5) Жыйынтыктоо жана сессияны аяктоо.
- Сиз энеге баласынын өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу маселелери боюнча кеңеш бересиз. «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» картасынан ушул тема боюнча суроолорду тандап алып, энесине бересиз. Суроолор төмөнкүдөй болушу мүмкүн:
    - Наристенин өсүп-өнүгүүсүнө көзөмөлдөө жана байкоо кылуу кошумча колдоого муктаж болгон чөйрөлөр бар-жок экендигин аныктоого жардам берет. Өсүп-өнүгүү дегенде бала кандай баарлашат, кандай түшүнөт, кантип үйрөнөт, кандайча кыймылдайт, колдору менен манжаларын, ошондой эле угуу жана

көрүү жөндөмүн кантип пайдаланат деген суроолорго жоопторду айтып жатам. Ушул жагынан алганда Сиздин балаңыз кандайча өсүп-өнүгүп жатат?

- Баланын өсүп-өнүгүүсүндө Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?
- Баланы тамактандырууда Сизди тынчсыздандырган учурлар барбы?

- 3-кадамда (талдоо) өз байкоолоруңуз менен топ ичинде бөлүшкүлө. Катышуучуларга ролдук оюн учурунда байкаган нерселер менен бөлүшүп жатканыңарды, бирок чыныгы кеңеш берүүчү сессияда мындай талдоо адатта ички диалог катары болуп, айтылбай тургандыгын түшүндүргүлө.
- 4-кадамда (иш-аракет) башка кеңеш берүү картасын пайдалануу менен экинчи теманы тааныштырса болот. Же болбосо, эгер бул балага кам көргөн адамдын жана баланын муктаждыктары менен кызыкчылыктарына төп келсе, 3-кадамда (талдоо) алынган маалыматты пайдалануу менен эмчектеги жана эрте курактагы балдарды тамактандыруу (ЭКБТ) темасын сунуштасаңар болот. Эгерде экинчи тема үчүн убактыңар жетишсиз болсо, ушул ролдук оюндун алкагында 5-чи Кеңеш берүү картасына басым жасагыла.
- «Угуу жана үйрөнүү ыкмаларын» жана «Ишенимди арттыруу жана колдоо көрсөтүү ыкмаларын» кеңеш берүүнүн бардык учурунда пайдалангыла.
- Силерге *Кеңеш берүү карталары*, анын ичинде 5-чи Кеңеш берүү картасы , «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү боюнча кадамдар» жана «Айрым адамдарга жана үй-бүлөлөргө кеңеш берүү үчүн темаларды аныктоо» керек болот. Силерге ошондой эле «Майыптыгы бар балдарды оюнда жана окутуп-үйрөтүүдө колдоо боюнча кеңештер» картасы керек болот.

## "Жекече кеңеш берүү жана топтук сессияларды өткөрүү көндүмдөрүн иш жүзүндө пайдаланып көрүү" 1-кошумча сессиясы үчүн таратма материалдар

### Жекече кеңеш берүү сессиясына байкоо жүргүзүү үчүн суроолор

#### 1-кадам: Балдарга кам көргөн адамдар менен учурашуу

1. Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле жасады?

#### 2-кадам: Баалоо – угуу жана байкоо жүргүзүү

2. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адам кенен маалымат бере ала тургандай кылып суроолорду бере алдыбы?

3. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамды тынчсыздандырган учурлар тууралуу маалыматты канчалык деңгээлде кунт коюп укту?

4. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдар айткан нерселерди канчалык деңгээлде аңдап-түшүнө алды?

#### 3-кадам: Талдоо жана 1-2 сунуштаманы аныктоо

5. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдар үчүн сунуштарда артыкчылыктарды канчалык деңгээлде туура бөлүштүрө алды? Сунуштар балага кам көргөн адамдардын кызыкчылыктарына жана алардын тынчсыздануусун жараткан учурларга канчалык деңгээлде төп келет?

#### 4-кадам: Иш-чара – бүгүнкү теманы тааныштыруу, балага кам көргөн адамдарды мактоо, көрсөтүп берүү ыкмасын колдонуп жана тажрыйбага таянуу менен кеңеш берүү

6. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарды алардын өз баласына жасаган иштери үчүн мактадыбы?

7. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарга үйдөн балдар менен кантип алектенсе боло тургандыгын көрсөтүп бердиби жана балага кам көргөн адамдарга мындай нерселерди жасап көргөнгө жана суроо бергенге убакыт бердиби?

#### 5-кадам: Жыйынтык чыгаруу жана ишти аяктоо

8. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарга алар үйүнөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?
9. Эгер кандайдыр бир тоскоолдуктар жаралса, кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде аларды балага кам көргөн адам менен бирге чече алды?

### Кеңеш берүүнүн жалпы көндүмдөрү

10. Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
11. Кеңеш берүүчү пайдалуу вербалдык эмес коммуникацияны канчалык деңгээлде жакшы колдоно алды, мисалы, башы балага кам көргөн адамдардын баштарынын деңгээлинде болуп, алардын көздөрүнө карап, тоскоолдуктарды четтетип, катышуучуларды шаштырбай, ылайыгы келген жерде колдорун тийгизип иш алпардыбы?
12. Кеңеш берүүчү айыптаган сөздөрдү колдонуудан оолак болдубу?
13. Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

## Топ ичиндеги сессияга байкоо жүргүзүү үчүн сурамжылоо

### 1-кадам: Балага кам көргөн адамдар менен учурашуу

1. Кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде мээримдүү мамиле жасай алды? Киришүү көнүгүүсү өткөрүлдүбү?

### 2-кадам: Баалоо – кароо, угуу жана байкоо жүргүзүү

2. Кеңеш берүүчү зарыл болгон учурда буга чейин өткөрүлгөн сессияга баяндама кылдыбы?

### 3-кадам: Талдоо

3. Кеңеш берүүчү катышып жаткандардын курамын эске алдыбы жана зарылдыкка жараша сессиянын планына өзгөртүүлөрдү киргиздиби? (Эскертүү: Сиз буга байкоо жүргүзө албайсыз, бирок муну кеңеш берүүчү менен сессиядан кийин талкуулап алсаңыз болот).

### 4-кадам: Иш-аракет - бүгүнкү теманы тааныштыруу, тапшырманы аткаруу, кайтарым байланыш берүү жана мактоо, көнүгүүнү талкуулоо

4. Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарын* балага кам көргөн адамдарга көрсөткөндө аны ар бир катышуучу көрө ала тургандай кылып көрсөттүбү?
5. Кеңеш берүүчү сессиянын темасына байланышкан талкуу, көрсөтүп берүү, тажрыйба камтылган топ ичиндеги көнүгүүнү жасаттыбы?
6. Кеңеш берүүчү балдарга кам көргөн адамдарды мактадыбы?

## 5-кадам: Жыйынтык чыгаруу жана сессияны аяктоо

7. Кеңеш берүүчү балага кам көргөн адамдарга алар үйүнөн эмнелерди жасашы керектигин түшүндүрүү менен канчалык деңгээлде сессияны ийгиликтүү аяктай алды?

## Кеңеш берүүнүн жалпы ыкмалары

8. Кеңеш берүүчү кеңеш берүүнүн 5 кадамын канчалык деңгээлде ийгиликтүү аткара алды?
9. Кеңеш берүүчү айыптаган сөздөрдү колдонуудан оолак болдубу?
10. Кеңеш берүүчү бардык катышуучулардын (эркектер менен аялдар, жаштар менен улгайгандар) көнүгүүлөр менен талкууларга аралашуусун канчалык деңгээлде ийгиликтүү колдоого алды?
11. Эгер түшүнбөстүктөр жаралса, кеңеш берүүчү канчалык деңгээлде аларды четтете алды?
12. Кеңеш берүүчү *Кеңеш берүү карталарында* камтылган ресурстарды канчалык деңгээлде натыйжалуу пайдалана алды?

**2-кошумча сессия үчүн таратма материал: Колго жасалган оюнчуктардын мисалы**

**Коопсуздук боюнча кеңеш**
Оюнчуктар таза, коопсуз материалдан жасалганына ынангыла. Алар учтуу эмес болуп, наристе жутуп алса болчудай майда бөлүктөрү (наристенин алаканынан кичине) болбошу керек.

| | |
|---|---|
| **Чайкагыч же шылдырак**<br> | **Жаш курагы:** төрөлгөндөн тартып 12 айга чейин<br><br>**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**<br>● Бөтөлкөлөрдү чоңураак нерселер, мисалы кир кыпчыгычтар же майда таштар менен толтуруп койгула, наристе контейнерге бир нерселерди салып же алып чыгып ойносо болот. |
| **Жипке тизилген нерселер**<br> | **Жаш курагы:** төрөлгөндөн тартып 12 айга чейин<br><br>**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**<br>● Наристе ар нерселерди жипке тизип же андан чыгарып ойносо болот (нерселер наристе аларды жутуп албагыдай болгон көлөмдө болууга тийиш).<br>● Жипке нерселерди ар кандай оюу-чийүүлөргө окшоштуруп тизгиле. |

| | |
|---|---|
| **Наристенин керебетинин үстүнө илинип коюлган мобилдер (ал жетпей тургандай кылып)**<br> | **Жаш курагы:** төрөлгөндөн 6 айга чейин<br><br>**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**<br>● Колго жасалган жеңил нерселерди же сүрөтү бар чакан барактарды , мисалы, фетр кагазынан/пенопласттан жасалган оюнчуктарды же түстүү чакан карталарды илип коюп, наристеден бул нерселерди же алардын түстөрүн атап беришин өтүнгүлө. |

**Коопсуздук боюнча кеңеш**

Оюнчуктар таза, коопсуз материалдан жасалганына ынангыла. Алар учтуу эмес болуп, наристе жутуп алса болчудай майда бөлүктөрү (наристенин алаканынан кичине) болбошу керек.

**Таштарды жана башка нерселерди салуу же алып чыгуу үчүн желим банка же себет**



**Жаш курагы:** 9 айдан 24 айга чейин

**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**

- Ар түрдүү нерселерди эсептей баштагыла.
- Банканы ачып-жапканды үйрөткүлө.
- Наристеге багытты билдирген сөздөрдүайткыла, «ичине» жана «сыртына»/ «ичине салуу» жана «алып чыгуу» деген сыяктуу сөздөрдү үйрөткүлө.
- Изилдөө үчүн ар кыл текстурадагы – жумшак, жылмакай, бодуракай ж.б. нерселерди пайдалангыла.

---

**Сүрөттөрү бар китептер**



**Жаш курагы:** 9 айдан 24 айга чейин

**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**

- Китепке тамгалар менен сөздөрдү кошкула.
- Кандайдыр бир окуяны баяндаган сүрөттөрдү кошкула.
- Наристеден сүрөттөр боюнча баян айтып беришин өтүнгүлө.

**Түртсө же тартса боло турган оюнчуктар**



*Image source: USAID/Kate Holt*



**Жаш курагы:** 9 айдан 24 айга чейин

**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**

- Имитациялык оюндарга жана элестетүү жөндөмүн өнүктүрүүгө (баяндарды айтып берүү) шыктандыргыла.

| | |
|---|---|
| | |

**Коопсуздук боюнча кеңеш**
Оюнчуктар таза, коопсуз материалдан жасалганын ынангыла. Алар учтуу эмес , наристе жутуп алса болчудай майда бөлүктөрү (наристенин алаканынан кичине) болбошу керек.

**Мунара куруу үчүн стакандар же банкалар**





**Жаш курагы:** 9 айдан 24 айга чейин

**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**

- Убакыт өткөн сайын улам бийигирээк мунара кургула.
- Мунараларды ар кыл түстө кургула.
- Элестетүү жөндөмүн өстүрүүчү оюндар үчүн ар кандай имараттарды кургула.

**Формаларды же түстөрдү бөлүштүрүү**



**Жаш курагы:** 18 айдан тартып

**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**

- Нерселерди санагыла.
- Ар түрдүү формалар менен ар түрдүү түстөрдү көбүрөөк кошкула.

**Пазл (бүктөлмө сүрөт) кылуу үчүн картонго чапталган сүрөттөр**



**Жаш курагы:** 18 айдан тартып

**Улуураак куракка жана татаалдашкан иш-аракетке ыңгайлашуу:**

- Пазл татаалыраак болушу үчүн бөлүктөрдүн санын көбөйткүлө. 12 айдан 24 айга чейинки курактагы балдар үчүн 4-5 бөлүктү пайдалануу ылайык болот.

**USAIDдин "МЫКТЫ АЗЫКТАНУУ" ДОЛБООРУ**

Ишке ашыруучу уюм:
JSI Research & Training Institute, Inc.
2733 Crystal Drive
4th Floor
Arlington, VA 22202

Тел: 703-528-7474
Эл. дареги: info@advancingnutrition.org
Веб-сайт: advancingnutrition.org

Июнь, 2023-жыл.

USAIDдин "Мыкты азыктануу" долбоору – бул Агенттиктин узак мөөнөттүү келечекте адамдардын өмүрүн сактап калуу, саламаттыкты жана өнүгүүнү жакшыртуу үчүн жетишсиз тамактануунун түпкү себептерин жоюуга багытталган тамактануу жаатындагы жетектөөчү көп секторлуу долбоору.

Бул колдонмо АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин берешен колдоосу менен иштелип чыкты. Колдонмонун мазмуну «Джэйэсай Рисерч Энд Трейнинг Институт, Инк.» (JSI) уюмунун жоопкерчилигинин астында жана АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттигинин же АКШнын Өкмөтүнүн ой-пикирин сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.